УДК 373.1

**Алымбеков Бакыт Кенжебекович**
И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин магистранты
**Алымбеков Бакыт Кенжебекович**
Магистрант Кыргызского Государственного Университета им И. Арабаев
**Alymbekov Bakyt Kenzhebekovich**
Master student of Kyrgyz State University them I. Arabaev

# ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕБИНДЕ ОКУУ- ТАРБИЯЛЫК ПРОЦЕССИН МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ

# ГОСУДАРСТВЕННОЕ УПРАВЛЕНИЕ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫМ ПРОЦЕССОМ В СРЕДНЕЙ ШКОЛЕ

# PUBLIC ADMINISTRATION OF THE EDUCATIONAL PROCESS IN SECONDARY SCHOOL

**Аннотация:** Макалада Кыргыз Республикасындагы жалпы билим берүүчү мектебинде окуу- тарбиялык процессин мамлекеттик башкаруу багытындагы негизги мүмкүнчүлүктөр артыкчылыктар, оорчундуу көйгөйлөр каралган. Билим берүү – бул Кыргыз Республикасындагы өнүгүү стратегиясын башкаруудагы жол көрсөтүүчүсү. Ошондуктан өсүп келе жаткан жаштарды келечекке даярдап жаткан соң алардын көз караштарын жана адамдык сапаттарын ички дүйнөсүн, да жаңы коомду өзгөртүп куруп башкара ала турган даражага көтөрүү милдетине коомчулук менен мамлекет да көңүл борборун бурушу өтө маанилүү. Ал эми билим берүү уюмдарында жаштардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн гана өнүктүрбөстөн, келечекте мамлекетти башкарууга даярдашыбыз керек. Макалада тарыхый, коом таануучулук жана социалдык-экономикалык багыттагы жалпы билим берүүнүн азыркы жашап жаткан коомчулуктун жергиликтүү дэңгээлдеги баардык кырдаалдарга жоопкерчиликтүү жана өнүгүү процессинде берилген мүнөздөмөсү катары каралгандыгы айтылган.

**Аннотация:** В статье рассмотрены основные возможности, приоритеты и вызовы в сфере государственного управления образовательным процессом в общеобразовательных школах Кыргызской Республики. Образование - это руководство по управлению стратегией развития в Кыргызской Республике. Поэтому, когда мы готовим молодых людей к будущему, важно, чтобы общество и государство сосредоточили внимание на задаче повышения своего отношения и человеческих качеств до уровня, на котором они могут преобразовывать и управлять своим внутренним миром и новым обществом. А в учебных заведениях мы должны не только развивать независимое мышление молодых людей, но и готовить их к будущему правительству. В статье говорится, что общее образование в области истории, социологии и социально-экономической науки рассматривается как характеристика современного общества, отвечающая за все ситуации на локальном уровне и в процессе развития.

**Abstract:** The article discusses the main opportunities, priorities and challenges in the field of public administration of the educational process in secondary schools of the Kyrgyz Republic. Education is a guide to managing a development strategy in the Kyrgyz Republic. Therefore, when we prepare young people for the future, it is important that society and the state focus on the task of raising their attitudes and human qualities to the level at which they can transform and manage their inner world and the new society. And in educational institutions, we must not only develop the

independent thinking of young people, but also prepare them for the future government. The article says that general education in the field of history, sociology and socio-economic science is considered as a characteristic of modern society, responsible for all situations at the local level and in the process of development.

**Негизги сөздөр:** Билим, билим берүү, Мамлекет, Мектеп, Педагогика

**Ключевые слова:** образование, государство, школа, педагогика.

**Keywords:** Education, Government, Schools, Pedagogy.

Кыргыз Республикасынын жарандарынын билим алуу тууралуу конституциялык укугун камсыздоочу, билим берүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн көзөмөлдөөчү, билим берүү жана илим тармагындагы башкарууну ишке ашыруучу жана бул тармакта мамлекеттик саясатты жүргүзүүчү аткаруу бийлигинин борбордук мекемеси болуп, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги саналат.

Министрлик өз ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Президентинин буйрук жана жарлыктарына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйрук жана токтомдоруна, жарамдуу Жобого, мындан сырткары Кыргыз Республикасынын катыштыгы менен бекитилип, күчүнө кирген эл аралык келишимдерге таянып жүзөгө ашырат.

Министрлик өзүнүн иштерин аткаруу бийлигинин башка мекемелери менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен, коомдук бирикмелер менен, илимий жана башка уюмдар менен биргеликте жүргүзөт.

Сапаттуу билим берүү дүйнөдөгү ар бир мамлекеттин стратегиялык потенциалы жана өлкөнү туруктуу өнүктүрүүнүн кыймылдаткыч күчү болоорунда кымындай да күмөн жок. Бир гана сапаттуу билим берүүгө жетишүү Кыргызстандын баардык тармактарынын өнүгүшүнө өбөлгө түзүп, өлкөдөгү коррупция, жумушсуздук маселесин чечүүнү шарттайт. дейт Айнура Акматалиева Келечектеги саясат институтунун директору, т.и.д., КРСУнун доценти (макала)[1]

Билим берүүнү башкаруу - бул мамлекеттик бийлик органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын билим берүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган иши. Билим берүүнү башкаруу - бул билим берүү саясатынын максаттарына жетүүнү, башкаруунун максаттарын белгилөөнү, ушул милдеттерди ишке ашыруу боюнча иш-чараларды пландаштырууну, субъекттердин координацияланган иш-аракеттерин уюштурууну жана контролду жөнгө салуучу процесс.

Билим берүү тутумун башкаруу төмөнкү принциптердин негизинде жүзөгө ашырылат: мыйзамдуулук, демократия, билим берүү тутумунун маалыматтык ачыктыгы жана коомдук пикирди эске алуу менен, билим берүү уюмдарынын өз алдынчалыгы.[2]

Билим берүү тутумун башкаруунун негизин мыйзамдуулук принциби түзөт. Мыйзамдуулук - бул мыйзамга негизделген коомдук мамилелердин ирээттүүлүгүнүн абалы. Мыйзамдуулук принциби билим берүүнү колдонуудагы мыйзамдардын талаптарын так сактоо менен башкарууну билдирет. Мамлекеттик органдардын дагы, чиновниктердин дагы, билим берүү мекемелеринин дагы, жарандардын дагы мыйзамдан четтеп кетишине жол берилбейт.[3]

Билим берүүнү башкаруу ар кандай аспектилерди камтыйт. Бул жалпы билим берүү тутумунун өнүгүү процесстерин, анын ар кандай системаларын, структураларын жана деңгээлдерин башкаруу.[4]

Билим берүү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын артыкчылык берилген стратегиялык багыты болуп саналат.

Кыргыз Республикасында билим берүү эл аралык келишимдерде жана актыларда, Адам укуктарынын жалпыга бирдей декларациясында жарыяланган принциптерге, демократиянын жана элдин гумандуу баалуулуктарына, дүйнөлүк маданияттын принциптерине негизделет. Билим берүүнү уюштуруунун негизги принциптери болуп төмөндөгүлөр саналат:

- Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын сапаттуу билим алуу укуктарынын теңдиги;
- ар бир жарандын мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларында башталгыч, жалпы негизги жана орто жалпы билим алуусунун милдеттүүлүгү жана акысыздыгы;
- акы төлөө негизинде, анын ичинде мамлекеттик билим берүү уюмдарында билим алуу мүмкүнчүлүгү;
- билим берүүнүн гумандуу мүнөзү, улуттук маданий байлык менен шайкеш келген жалпы адамзаттык баалуулуктарга артыкчылык берүү, жарандуулукка, эмгекти, үй-бүлөнү, Ата Мекенди, айлана-чөйрөнү сүйүүгө, патриотизмге жана адам укуктары менен эркиндиктерин урматтоого тарбиялоо;
- ата мекендик, дүйнөлүк илимдин жана эл аралык тажрыйбанын жетишкендиктерине багыт алуу;
- билим берүү процессинин ырааттуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;
- билим берүүнүн саясий жана диний институттарга көз карандысыздыгы;
- окутуунун, тарбия берүүнүн типтери жана формалары, иш багыттары, менчик формалары жагынан билим берүү уюмдарынын көп түрдүүлүгү;
- мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарында окутуунун динден тышкаркы мүнөзү;
- орто жалпы билим берүүнүн жалпыга жетимдүүлүгү, билим берүү тутумундагы окуп жаткандардын өсүп-жетилүүсүнүн жана даярдыгынын деңгээли менен өзгөчөлүктөрүнө шайкеш келиши;
- окуп жатышкандардын өзгөчө зээндүүлөрүнүн чыгармачылыгы тынымсыз өсүүсү үчүн шарттарды түзүү;
- билим берүүнүн мамлекеттик эмес түзүмдөрүнүн иштөө мүмкүнчүлүгү;
- билим берүү уюмдарынын академиялык эркиндиги, академиялык ак ниеттиги.[5]

Билим берүү тутумун башкаруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн мамлекеттик башкаруу борбордук жана региондук органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жүзөгө ашырылат.

Билим берүү тутумун мамлекеттик башкаруунун түзүмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан ага мыйзам берген ыйгарым укуктардын чектеринде иштелип чыгат жана бекитилет.

## Колдонулган адабияттар:

1. Акматалиева А.М., п.и.к. Макала: “Билим берүү жана илим Кыргызстандын ички саясатынын эң маанилүү бөлүгү болушу зарыл” (Кыргызстан, Бишкек) 04.08.2018ж https://cabar.asia сайтында.
2. Мьяник В.В., Титаренко Б.П., Волочиенко В.А. Башкаруу тутумдарын изилдөө: окуу китептери, университеттер үчүн колдонмо. 3rd ed. M., 2004.

3. Румянцева З.П. Общее управление организацией. Теория и практика М.: ИНФРА-М, 2007. - 304с Москва
4. Бахрах Д. Н., Российский Б. В., Старилов Ю. Н. БЗО Административное право: Учебник для вузов. — 2-е изд., изм. и доп. — М.: Норма, 2005. — 800 с. ISBN 5-89123-911-6
5. Кыргыз Республикасынын улуттук стратегиясы 2012-жылдын 27-июну № 443 КР токтому. 2020-жылга чейин гендерлик теңчиликке жетишүү боюнча интернет булагы: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/1216 2012-жылдын 29-декабрь айнда жарыяланган.

**Рецензент: ф.и.к., доценттин м.а. Самыйканов А.Т.**